ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезексиз жыйынынын №3 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

2023-жылдын, 3-ноябры
Ош шаары, ЭМФ, 2-корпус, 201-каана
Төрайым – Р.А.Ысмаилова
Катчы – М.А.Исаева
Катышкандар: 16
Келбегени: 1

**Күн тартибинде:**

**2.** 2023-2024-окуу жылындагы англис тили, 560100 – Коомдук саламаттык сактоо адистигиндеги магистранттардын саламаттык сактоонун укуктук негиздери, PhD докторанттардын лингвистика, тилдин теориясы, кесиптик англис тили предметтеринен диагностикалык тесттерди жүргүзүүнүн жыйынтыгы (1-курстар үчүн).

**Угулду:**

Кафедра башчысы ф.и.к., доц. Р.Ысмаилова күн тартибинде каралуучу маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана жогоруда аталган предметтер боюнча сабак берген окутуучуларды диагностикалык тесттин жыйынтыгы боюнча маалымат берүүсүн сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Акбар к. Эркайым 2023-2024-окуу жылындагы 1-курстун студенттеринен билим деңгээлин аныктоо максатында англис тили предметинен деңгээлдик тест график боюнча алынганын маалымдады. Ал өз сөзүндө диагностикалык тесттердин суроолору 20 суроодон, төрт вариантта түзүлгөнүн жана ар бир студенттин тапшырган тесттеринин жооптору текшерилип, жыйынтыгы отчетто көрсөтүлгөнүн белгиледи.

**Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Д.Салиева: – Студенттердин көпчүлүк бөлүгү, дээрлик 28% дан жогору грамматикалык тапшырмаларды туура жооп бере алышкан эмес. Тактап айтканда, англис тилинде сөз түркүмдөрүнө анын ичинде ат атоочторго, тактоочторго, сан аточторго, сын атоочтон жана зат атоочтон турган сөз айкаштарын түзүүдө жана медициналык сөздүктөргө жооп берүүдө массалык түрдө каталарды кетиришкен.

Аталган кырдаалды эске алуу менен төмөнкүдөй сунушубузду билдиребиз:

- Жогоруда белгиленген темаларга көбүрөөк басым жасоо менен студенттердин өз алдынча иштөөсүн активдештирүү.

**Сөзгө чыкты:**

Ф.и.к., доцент Д.С.Сайидырахимова 2023-жылдын 2-ноябрында PhD докторантурада 1-курстарга онлайн форматта диагностикалык тестирлөө жүргүзүлүп, 7 студенттен 6 студент катышканын билдирди. Окутуучу өз сөзүндө, алынган тест 4 вариант, 20 суроодон түзүлүп, ар бир вариант өзүнчө шилтемелер менен берилгенин айтты. PhD докторанттардын билим деңгээли 100%дык өлчөм менен алганда, 95% көрсөткөнүн маалымдады.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. 2023-2024-окуу жылындагы англис тили, 560100 – Коомдук саламаттык сактоо адистигиндеги магистранттардын саламаттык сактоонун укуктук негиздери, PhD докоранттардын лингвистика, тилдин теориясы, кесиптик англис тили предметтеринен 1-курстар үчүн диагностикалык тесттерди жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча айтылган сунуш-пикирлер эске алынсын.
2. Диагностикалык тесттерди жүргүзүүнүн жыйынтыгын канааттандырарлык деп белгиленсин.

Төрайым: Р.А.Ысмаилова.

Катчы: М.А.Исаева.

2023-жылдын 3-ноябры